Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз Мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин жана И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы К 13.22.653 Диссертациялык кеңешинде корголо турган Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын "Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү" аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына биринчи официалдуу оппонент, п.и.д. Бакдолот Кособаеванын

# П И К И Р И

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Педагогикалык илимде мектепте, үй-бүлөдө, коомдо эмгекке тарбиялоо – эмгектин зарылдыгын түшүнгөн, ага терең маани берген, эмгекке сый мамиле жасаган, эмгекчил адамдарды сыйлаган, өзү тандаган кесипте иштей билген кызматкерди, адамды калыптандыруу системасы катары каралган. Бул эмгек көндүмдөрүн, адеп-ахлактык сапаттарды: эмгекти сүйүүнү, эмгекке жоопкерчиликтүү мамиле жасоону, демилгөөчүлүктү калыптандыруу процесси. Эмгекчил адам, өмүрүндө бир нече ирет кызмат абалын өзгөртүүгө мажбур болуу менен өзүнүн татыктуу ордун табыш үчүн, экономикалык ийкемдүү ой жүгүртүүгө ээ болуусу зарыл. Ошондуктан педагогикалык илимге жана практикага жалпы орто билим жана кесиптик билим берүүдө эмгекке жана кесипке даярдоо суроолорун жаңыча койууну талап кылынууда.

Диссертант изилдөөсүнүн темасынын актуалдуулугун азыркы кыргыз коомундагы социалдык-саясий, экономикалык, маданий-руханий өзгөрүүлөр, анын ичинде эмгек рыногундагы атаандаштык, жумушсуздуктун жана социалдык абалдын оорлошу, ички жана тышкы миграциянын толкуну жаштарды эмгекке тарбиялоону оркүндөтүүнү, дүйнөлүк тажрыйбага ылайык жаңылоону талап кылары менен байланыштырган. Билим беруү мекемелеринде рыноктун шартында эмгекке жана эмгекчилдикке тарбиялоо маданиятындагы эл тарабынан топтолгон билимдерди жана тажрыйбаларды колдонууга өзгөчө маани беруү менен аларда кыргыз элинин менталитетине, философиясына, психологиясына таандык, кылымдар бою элдик практикада апробацияланган тарбиялык потенциялдар жатаарын айткан. Ошону менен бирге кыргыз эл педагогикасында, анын ичинде ата-энелердин балдарын тарбиялоо процессинде эмгекти жалпы адамзаттык, универсалдык, этникалык жана жекече баалуулук катары карап, адамдын тарбия алгандыгынын эң биринчи критерийи катары анын эмгекти сүйөрлүгү, эмгектене билгендиги менен өлчөнөөрүн белгилеген. Улуттук баалуулуктарга таянган кыргыз мектептери атуулдук позициясы калыптанган, коом муктаж болгон ар тараптан өнүккөн татыктуу, маданияттуу инсандардын калың катмарын даярдоо үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарга муктаждыгы бар экендигин баса көрсөткөн.

Кыргыз эл педагогикасынын эмгекке тарбиялоо жана өспүрүмдөрдү социалдаштыруу боюнча тажрыбалары коомдук турмуштун деградациясындагы, массалык маданияттын терс таасиринин натыйжасында алардын арасында келип чыккан адепсиздик, жалкоолук, кайдыгерлик, кылмышкерлик, баңги заттарга берилгендик сыяктуу терс көрүнүштөргө каршы жүргүзүлүүчү иштер боюнча илимий эмгектер

ВХ № 147
7.06.2024

жетишсиз. Билим берүү уюмдарындагы тарбиялоо практикасы тарбияланууучулардын улуттук, регионалдык өзгөчөлүктөрүн, элдик акылмандыктын салттарын, этнопсихологиялык кырдаалдарды эске албай келет. Диссертант элдин жашоосундагы эмгекке тарбиялоо тууралуу элдик педагогиканын идеясы - жалпы адамзаттык мааниге ээ экендигине, тарбиялоонун бул түрүсүз акыл-эс, эстетикалык, адептик, руханий, дене-бой тарбиясы учурдун талабына ылайык деңгээлде ишке ашпай тургандыгына, алардын баары эмгекке тарбиялоодон келип чыгарына токтолгон.

Көптөгөн илимий адабияттарды изидеп үйрөнүп, анализдөөнүн негизинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин өз уул - кыздарын эмгекчилдикке тарбиялоо маданияты жана аларды азыркы билим берүү уюмдарында пайдалануунун технологиялары ар тараптуу иштелип чыкпагандыгын белгилеген.

Жогоруда келтирилген изилдөөнүн зарылчылыгынын келип чыгыш жагдайлары төмөнкү карама-каршылыктарды чечүү болуп саналаары көрсөтүлгөн:

- азыркы эмгек рыногунда дүйнөлүк атаандаштык күчөп турган шарттарда Кыргызстандын билим берүү уюмдарынан ошол кырдаалга толук ылайык келүүчү социалдык-педагогикалык талаптарга жооп берген адистерди даяродоонун жетишсиздиги;
- кыргыз үй-бүлөлөрүндө ата-энелердин балдарын жана кыздарын эмгекке тарбиялоо боюнча бай тажрыйбасы болсо дагы, азыркы учурда аларды колдонуунун жетишсиздиги;
- рынок экономикасынын талаптарына ылайык балдарды жана кыздарды салттуу педагогиканын ыкмалары, каражаттары, жолдору аркылуу тарбиялоонун диссертациялык багытта илимий максатта үйрөнүлбөгөндүгү.

Ачыкталган карама-каршылыктарды чечүү менен изилдөөнүн проблемасы аныкталган, андан кийин темасы тааризделген: “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү”.

Коюлган проблемага жараша **диссертациялык изилдөөнүн максаты** логикалык иретте – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын, кыздарын эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү.

Изилдөөнүн коюлган максатына диссертациядагы төмөнкү **милдеттерди** чечүү менен жетишилген:

1. Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролунун мазмунун, кызматтарын жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.
2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.
3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн материалдарын, методологиялык таянычтарын жана методдорун аныктоо.
4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

Теориялык анализдин стратегиясын жана логикасын **изилдөөнүн объектиси** аныктаган - кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарын эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролун көрсөтүү жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануу процесси жана **изилдөөнүн предмети:** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун мазмуну- деп таарizделген.

Г.А.Ташбаеванын диссертациясындагы көйгөйлөрдү изилдөө окумуштуулардын эмгектериндеги тарбия берүү мазмунунун теориясынын жана практикасынын абалын изилдеп үйрөнүүгө негизделген.

Ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоо боюнча көптөгөн мамлекеттердин окумуштууларынын изилдөөлөрү менен катар, диссертант ата-мекендик окумуштуулардын эмгектерин изилдеп үйрөнгөн. Мисалы, кыргыз этнопедагогикасынан 1974-жылы Б.А.Апышев тарабынан элдик салттарды жогорку класстарда эмгекке тарбиялоо процессинде пайдалануу боюнча корголгон кандидаттык диссертацияна кайрылган.

Кыргыз эл педагогикеасынын жалпы маселелери, анын ичнде ата-энелердин эмгекке тарбиялоо салттары Р.А.Абдыраимова, А.А.Алымбеков, Х.Ф. Анаркулов, С.О. Байгазиев, ж.Б. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н.И. Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Ж.И. Койчуманов, М.Р. Рахимова, С.К. Рысбаев, Т.В.Панкова, Т.О. Ормонов ж.б. этнопедагогдордун илимий талдоолорун кенен окуп үйрөнгөн. Ата-энелердин эмгекке тарбиялоо маданияты боюнча этнографиялык (С.М.Абрамзон, К.И.Антипина, А.Акматалиев, Н.А. Аристов, А. Асанканов, И.Б. Молдобаев, С.Т. Кайыпов ж.б.) жана социологиялык (Р. Ачылова, К. Бектурганова, К. Исаев, Т.Шайдуллаева ж.б.) багыттагы изилдөөлөр дагы кыргыз үй-бүлөсүнүн проблемаларын анализдери диссертациялык изилдөөнү фактылар, материалдар менен камсыз кылган.

Жогорудагыдай көптөгөн изилдөөлөргө карабастан кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин өз балдарын эмгекчилдикке тарбиялоо маданияты жана аларды азыркы билим берүү уюмдарында пайдалануу жеткиликтүү изилденбеген, технологиялары ар тараптуу иштелип чыкпаган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчүнүн илимий изилдөөсү өтө актуалдуу жана өз убагында аткарылган деп айтсак жацылышпайбыз.

1. Г.А. Ташбаеванын диссертациялык изилдөөсүндө салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөгө багытталган материалдар, методологиялык таянычтар жана методдор жакшы ачыкталган

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган « Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы диссертациялык иш диссертациялык кецештин профилине 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн туура келет. Бул иште кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекке тарбиялоодо ата - энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоого, аларды азыркы мектепте колдонууну илимий-методикалык негизде ишке ашырууга багытталып, илимий изилдөөнүн натыйжалары берилген.

“Салттуу кыргыз үй-бүлөсү”, “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо”, “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу”

түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилген. Элдик педагогикадагы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, факторлору, методдору, ыкмалары талдоого алынган. Кыргыз элдик педагогикасынын баалулуктарынын үлгүсүндө уулдарды, кыздарды эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөр үн бүгүнкү күндо мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалган.

**Диссертациянын биринчи главасы** “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчиликке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну изилдөөнүн тарыхый-теориялык өңүтү” деп аталып, анда этнопедагогикадагы “салттуу үй-бүлө” түшүнүгүнүн теориялык жана практикалык аныктамаларын айкындоого арналган.

**Диссертациянын экинчи главасы** “Изилдөөнүн материалдары жана методдору”деп аталып, анда алды менен диссертация үчүн материалдарды тандоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери) көрсөтүлгөн жана ал материалдарды тандоонун, жайгаштыруунун негизги принциптери баяндалган. Материалдардын ичинде этнография илиминин салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн курулушу, ата-энелик парыз, улуттук салттар жана алардын үй-бүлөдө сакталышы, нике жана анын мааниси, өз балдарын тарбиялоодогу үй-бүлөнүн жоопкерчилиги тууралуу изилдөөлөр пайдаланылган.

**Диссертациянын үчүнчү главасы** “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчиликке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдалануу боюнча тажрыйбалардын жүрүшү жана натыйжалары” деп аталып, практикалык жана педагогикалык тажрыйбалык иштердин уюштурулушун, жүрүшүн жана жыйынтыгын чыгарууга арналган, анда салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында колдонуунун модели иштелип чыгып, ал моделдин азыркы мектеп практикасында колдонууга канчалык деңгээлде жарактуу экендиги текшерилген.

Тажрыйбалык база катары Ош областынын Ноокат районундагы А.Чынгараев, Кожоке, Араван районундагы №9 Бостон орто мектептери жана Ош шаарындагы №30 А. Алиев атындагы жана Жетиген мектеп-лицейлери тартылган. Салыштыруу максатында Ош шаарынын эки мектеби, айылдын үч мектеби тандалган.

Автор тарабынан алды менен тажрыйба жүргүзүүнүн этаптары, максаты, негизги милдеттери, методдору, күтүлүүчү натыйжалары аныкталган.

Педагогикалык тажрыйбанын байкоо, изилдөө этабында окуучулардын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролун билүү, андагы эмгекчилдик сапаттарды калыптандырууга таасир этүүчү факторлорду өздөрүнө сиңирип алуу, өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээли бир кыйла төмөн экендигин көрсөткөн. Андагы мугалим-тарбиячынын негизги кызматы - салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролун туура тандап, андагы элдик педагогикалык идеяны толук ачып берүү менен окуучулардын эмгекчилдик сапаттарын жогорулатууга өзгөчө мамиле жасоого көмөк берет.

Алынган натыйжалар, изденүүчүнүн көп жылдык окутуучулук тажрыйбасында, ошондой эле салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында колдонуу боюнча иштелип чыккан модели, ал моделдин азыркы мектеп практикасында колдонууга канчалык деңгээлде жарактуу экендигин текшерүүнүн натыйжаларында негизделген.

Диссертациялык изилдөөдө коюлган маселелер үч этапта өткөрүлгөн педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, изилдөөдөгү божомолдоолор далилденген. Мугалим-тарбиячынын негизги кызматы - салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө өз балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролун туура талдап, андагы элдик педагогикалык идеяны толук ачып берип, окуучулардын эмгекчилдик сапаттарын жогорулатууга салым кошуу экендиги аныкталган.

Диссертациянын жоболору жана жыйынтыктары илимий жактан аргументтелген, анткени алар учурдун талабына ылайык салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө өз балдарын эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин орду проблемалары боюнча көптөгөн материалдардын анализдеринин негизинде түзүлгөн.

**Диссертацияда тааризделген илимий жоболордун, жыйыитыктардыи жана сунуштардын негизделиш даражасы.** Изилдөөдө алынган натыйжаларды илимий жактан негизделген деп эсептөөгө болот, анткени алар салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө элдик педагогиканын негизинде тарбия педагогикасы областындагы илимий-теориялык жетишкендиктерди изилдеп үйрөнүп анализдөөгө багытталган.

Бардык алынган натыйжаларды илимий негизделген жана практикалык жактан далилденген деп эсептөөгө болот, анткени алар үй-бүлөдө өз балдарын эмгекчилдикке тарбиялоонун мазмунун өркүндөтүүнүн теориясын жана практикасын терец изилдеп үйрөнүп, ошондой эле окутуучу катары өзүнүн жеке көп жылдык практикалык иш аракетин анализдөөнүн натыйжасында негизделген.

**Изденүүчү тарабынан диссертацияда аныктама берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражалары.**

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган диссертациялык иш салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдикке тарбиялоону өркүндөтүүгө багытталган, орчундуу илимий- практикалык мааниге ээ болгон комплекстүү илимий көйгөйлөрдүн илимий-теориялык жана методикалык чечилиши болуп саналат.

- Анткени ата-мекендик педагогикада бул убакытка чейин салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн кызматтарынын (репродуктивдүү, чарбалык-тиричиликтик, рекрециондук, эмоционалдык, регенеративдик, руханий, социалдык, таалим-тарбиялык) багыттарын педагогикалык негиздөө жеткиликтүү жалпыланган жана конкреттештерилген эмес, ошондуктан автордун бул изилдөөсү салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарын эмгекчилдиккен тарбиялоодогу ата-энелердин ролун жана азыркы мектептин практикасында пайдаланууну өркүндөтүүдө орчудуу илимий салым кошот.

- Анткени салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн уул, кыздарынын эмгекчилдик сапаттарынын түптөлүшү, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери аныкталып, окуучулардын салттуу үй-бүлөсүндө ата – энелердин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын кандайча үйрөнүп жаткандыгын аныктоонун диагностикалык программасы аркылуу окуучулардын экспериментке чейинки жана кийинки калыптанган сапаттардын жана деңгээлдери (3-деңгээлден 0 деңгээлге чейин) бааланган.

**Изилдөөнүн илимий жана теориялык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары проблема боюнча болгон булактарды илимий-теориялык анализдөө менен далилденген: үй-бүлөдө балдарын эмгекке тарбиялоонун дүйнөлүк жана ата-мекендик тажрыйбаларды жалпылоо; изилдөөнүн түрдүү методдорун, анын ичинде алынган натыйжаларды кайрадан иштеп чыгууну колдонуу аркылуу тажрыйбалык-эксперименталдык иш менен далилденген; Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын окутуучусу катары, изденүүчүнүн жеке өзүнүн педагогикалык тажрыйбасы менен далилденген. Алынган натыйжалар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштар илимий-методикалык маанисин эске алуу менен иштелип чыккан.

Диссертация жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт, алар үй-бүлөдө уул, кыздарын эмгекке тарбиялоодогу ата эненин кызматтарын, ролун азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүүнүн азыркы мезгилдеги теориясын жана практикасын терең байытышы мүмкүн экендиги шек жаратпайт. Алар ички бир бүтүндүгү, каралуучу идеялардын, концепциялардын берилиш ырааттуулугу жана аягына чейин чыгарылган иш катары мүнөздөлүп, автордун изилдөөчү катары өсүп

жетилгендигин көрсөтөт. Автордун диссертациялык изилдөөсү боюнча өткөрүлгөн педагогикалык эксперименти жеткиликтүү аргументтелген, ошондуктан ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануу толук мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертанттын изилдөөдөн алган натыйжаларын Кыргыз Республикасынын мектептеринде салттуу үй-бүлөдө уул, кыздарын эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролун мектеп практикасында пайдалануу орчундуу мааниге ээ болгон приоритеттүү теориялык жана практикалык маселелерди чечүү деп эсептөөгө болот.

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган кандидаттык диссертациясындагы алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү төмөнкүчө ишке ашырылган:

- Үй-бүлөдө уул кыздарын эмгекчидикке тарбиялоодогу ата энелердин тажрыйбаларынын негизинде иштелип чыккан тарбиялык ыкмалар, каражаттар жана технологиялары иштелип чыгып мектептин тарбиялоо процессине киргизилген;
- Иштелип чыккан сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун байытууда университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун түзүүдө, атайын курстарды, семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарында колдонууга киргизилген.

**Изилдөөнү ишкет ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкү оң натыйжалар алынган:**

- “Салттуу кыргыз үй-бүлөөсү”, “Салттуу кыргыз үй-бүлөөсүндөгү эмгекке тарбиялоо”, “Салттуу кыргыз үй-бүлөөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролу” түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилген;
- Элдик педагогикадагы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, факторлору, методдору, ыкмалары талдоого алынган;
- Кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндө уул, кыздарын эмгекчил болууга ата-энелеринин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунгун мүмкүнчүлүктөрү айкындалган.

**Негизги жоболордун жана натыйжалардын жарык көрүүгө туура келүүсү.** Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн жарык көргөн 12 илимий макалаларында чагылдырылган. Алардын ичинде “VIII-Эл аралык Түрк дүйнөсү изилдөөлөрү”(Түркия,2021) аттуу түрк тилдүү элдердин симпозиумунда, КӨЭАУнин мектепке чейинки жана башталгычбилим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын жыйындарында, эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда талкууланган.

**Диссертациянын курамы жана көлөмү.**

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган 194 адабияттардын тизмесинен, 23 таблицадан, 3 сүрөттөн турат. Көлөмү – 154 бет.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган максатка жана изилдөөнүн милдеттерине туура келет, туура логикалык иретте, ички бир бүтүндүктө түзүлгөн. Маанилүү фактылык материалдарды, иденттүү кыргызча, орусча, англисче резюмелерди камтыган.

**Жогоруда келтирилген диссертациялык изилдөөнүн оң жактары менен катар айрым мүчүлүштүктөр бар.** Алар төмөнкүлөр:

1. Авторефераттын жана диссертациянын мазмундарында, ошондой эле диссертациянын темасында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энин ролу деген фраза көп жолу кайталанат.үй-бүлөдө ата-эне өз балдарын табиялагандыктан балдарды деген сөздү балдарын тарбиялоодо деп жазылса туура болмок деп ойлоймун. Экинчиден, учурдагы гендердик сезгич педагогикага ылайык, үй-бүлөдө уул- кыздарын эмгекчиликке тарбиялоо деп жазылса да туура болмок. Балдар деген сөз жалаң эркек балдарды элестетет.

2. Авторефераттын19-бетинде 4-милдетте ...биз сунуш кылган каражаттар, формалар, ыкмалар, методдор майнаптуу экендиги жана мектеп практикасына сунуштоого мүмкүндүгү тастыкталды деп жазылган. Буларды тастыктаган жана бекемдеген иштелмелердин диссертацияда тиркемелери жок.

3. Авторефератта жана диссертацияда стилистикалык жана грамматикалык каталар бар.

Көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр дискуссиялык мүнөздү алып жүрөт, ошондуктан алар диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгүн төмөндөтпөйт.

Жалпысынан каралып жаткан Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган "Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү" аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы аягына чыгарылган илимий эмгек болуп саналат, изилдөөнүн объектисине жана предметинге байланыштуу, диссертациялык изилдөөдө иштин темасын ачып көрсөткөн материалдар ички бир бүтүндүк менен мүнөздөлгөн жалпы стратегиясынын, максатынын, милдеттеринин аныкталгандыгы менен мүнөздөлөт. Диссертациянын бөлүмдөрү өз ара бири бири менен логикалык байланышта жана автордун педагогикалык илимге жана практикага киргизген ишинин өзөктүк идеясы болуп саналат.

Автор тарабынан изилденип үйрөнүлгөн материалдар, алынган натыйжалар ишенимдүү, жыйынтыктар жана корутунду илимий негизделген, педагогикалык илимдин теориясы жана практикасы үчүн орчундуу мааниге ээ.

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет, ал автор 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга татыктуу.

Официалдуу оппонент:
КР ББИМнин алдындагы РПККЖ КДИнун
ТИМБб кафедрасынын башчысынын м.а., педагогика
илимдеринин доктору Бакдолот Кособаева.